# Алымбек датка жана Муса Адышев



**Бурул Каримова, КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, биология илимдеринин доктору, профессор**

Турмуштагы жана адамзат жашоосундагы тукум куучулук касиеттер тарыхый тагдырларда да тыгыз байланышкан учурлар көп байкалат. Бул көрүнүш биз сөз кылып жаткан Алымбек датка менен Муса Адышевдерге таандык. Аталган каармандардын эл-жер, коом үчүн жасаган үзүрлүү эмгектери жана турмуштук жеке тагдырлары окшош болгонун эске сала кетсек.

## Улут лидери, аймак улугу

Алымбек датка чачкын кыргыз элин бириктирип, өз алдынча мам-

лы). Анын узундугу 50 метр, туурасы 40 метр келип, жалпы бийиктиги 7 метр, орто бөлүгүнүн бийиктиги 12 метр жана бийиктиктери 16 метрлик эки тарабында жайгашкан эки азан айтуучу мунарасы болгон. Ал медреседе эл үч жыл окушкан. Жыл сайын жүздөгөн окуучулар Фергана аймагындагы белгилүү мударистерден билим алып турушкан. Медреседе сабак окуучу бөлмөлөрү, намаз окуучу жайы, мударистер (мугалимдер) бөлмөсү жана жатакана болгон. Медреседе өзүн өзү башкаруу иштери жүргүзүлүү менен, азыркы мектептер жана окуу жайлар сыяктуу түзүлүштөргө ээ болчу. Тактап айтканда. анда окуу бөлүмдөрү, чарбалык жумуштар бөлүмү, көмөкчү чарбалары болгон. Алымбек датка Орто Азия мейкиндигинде биринчи болуп медреседе дин илиминен сырткары математика, астраномия, философия сабактарын окутууну сунуш кылган. Бул медреседен билим алгандар жогору бааланган жана кийинчерээк ал жер билим алуучуларды даярдоочу атайын бөлүм болуп дайындалган. Башкача айтканда, Алымбек датканын билим берүүдөгү прогрессивдүү үлгүсү, азыркы учурдагы университеттердин окуу процесстерин негиздөөдөгү негизги булактардын бири боло алгандыгына ынанабыз.

## Турмуштагы каармандык

Алымбек датканын жеке турмушундагы ошол учурдун салт-санаасына, жол-жобосуна жат көрүнүш болгон, бирок келечектин айкын



Алымбек жубайына кеп-кеңеш айтып, билимин, турмуштук катаал тажрыйбасын үйрөтө баштаган. Турмуштук тажрыйбасы



жана кадрларды даярдоого кошкон зор салымы үчүн ал жетектеген геология институту 1969 -жылы "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланат.

М.М.Адышевдин ошол учурдагы жүздөгөн илимий эмгектери Тянь-Щаяндагы байыркы доордо пайда болгон чөкмө тоо тектердин геологиясын, геохимиясын, пайдалуу кен байлыктарын изилдөөгө арналат.

## Илимдеги изги жол

Академик М.М.Адышев өз эмгектеринде республиканын геологиялык түзүлүшүнө үзүрлүү салымдарын кошуп, илимге негиз салуучулар - П.П.Семенов-Тяншанский, И.В.Мушкетов, Г.Д.Романовскийлерди даңазалоо менен, андан аркы илимий ачылыштардагы улуу геологдордун плеядасынын пайда болгондугун чечмелейт. Алар: А.Е. Ферсман, Д.И.Щербаков, В.И.Смирнов, С.С.Щульц жана башкалар болгон. Алар М.М.Адышевдин жетекчилиги менен Кыргызстандын пайдалуу кен байлыктарынын пайда болуш закон ченемдүүлүктөрүнүн теориялык проблемаларын практикада далилдөө иштерине өзгөчө көңүл бурулат. Туркестан-Алай тоо системасынын түндүк тарабындагы сымап, сурьма кен байлыгы аныкталат. Натыйжада пайдалуу кен байлыктардын пайда болуу, таркалуу, аларды алуу жана иштетүүнүн жаңы методдору каралып, сырьелордун туруктуу базасын түзүү негиздери иштелип чыгылат. Тянь-Шандагы

элин бириктирип, өз алдынча мамлекет түзүүгө олуттуу аракет жасаган. Бул тууралуу бизге чейин сакталып келген орус императору Александр IIнин Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге жазган катында ачык байкалат. Бирок ошол учурда мындай жетишкендикке жетүү али эрте эле. Аны сезген Алымбек датка бардык күчүн толук кыргыздарды Кокон хандыгынын эзүүсүнөн калкалап, сактап калууну көздөйт. Ошондуктан да учурундагы бийлик үчүн болгон каардуу күрөштөрдө өзүн аябастан катышат. Аны Кокон хандыгындагы көрүнүктүү манаптар, каршылашкан айрым душмандары да колдоп келишкендиги Алымбек датканын күчтүү личность, эл арасындагы зор абройго ээ экендигинин далили.

Алымбек датка 1831-жылы Кокон ханы Мадалинин жарлыгы менен "Датка" наамын алуу менен бир эле учурда Ош саркерлигин да башкаруу укугун алып, Ош шаарын 32 жылга жакын башкарган. Кийин Ошту уулу Мамытбек, Курманжан датканын асырап чоңойткон баласы өзгөндүк Молдо Карабек башкарган. Ал Николай IIнин буйругу менен (1898-жылы) алтын медаль менен сыйланат жана Курманжан датканын көзү өткөнчө Ошту бийлеп турган (1908). Ошентип жалпы айтканда Алымбек датка жана анын династиясы Ошту (72) жетимиш эки жыл бою башкарган. Башкача айтканда азыркы Оштун мэринин милдетин аткарышкан.

## Алымбек датканын прогрессивдүү үлгүсү

Айтылуу Алымбек датка Анжиян вилаятынын башкаруучусу, Алайдын даткасы, Кокон хандыгынын вазири, парваначы деген өзгөчө даражага ээ болуп турган маалда нечендеген кыйынчылыктар менен Ош шаарында биринчи жолу атактуу кооз медресени курдуруп бүтүрөт (1850-жы-

сына), жол-жобосуна жат көрүнүш болгон, бирок келечектин айкын жарык күзгүсү катарындагы үзүрлүү үлгү болорлук көрүнүшү жеке үй-бүлөлүк турмушунда да кайталанган. Башкача айтканда акыл-эстүү ар-намыстуу, ак-караны, жакшы-жаманды, ажыратып жашоо ар кимдин колунан келе бербейт. Мындай мээримдүүлүк, адилеттик, ак көңүлдүк Алымбек датканын урпактарында өзгөчө айгинеленип турат. Бул жөрөлгөлүү көз караш ошондой эле табият тартуулаган тагдыр да урук кууп, кайталанып калуу жагдайлары турмушта көп кездешет эмеспи. Бул көз караштын ар кандай деңгээлде салыштырууга болот. Бирок айтылуучу негизги нерсе арийне залкар адамдардын акыл- парасат, адамдык асыл сапаттары гана дал келишпестен, жеке турмуштагы тагдырлары да дал келишип, кайталанып калуусунда. Мындай адамдык асыл бийиктик жаркын инсандар - Алымбек датка, Курманжан даткалардын урпактарында өзгөчө көңүлгө аларлык көрүнүш. Буга мисал, Алымбек датканын жеке үй-бүлө турмушу, эл-журтка өчпөс из калтырган улуу жумуштары жана адамдык асыл сапаттары. Алымбек датканын мартабасы ашып турган чакта, төрткө чейин аял алууга уруксат беймарал шартта, шарияттагы жол-жоболоруна тикеден-тике каршы туруп, "күйөөгө тийип чыккан" деген жарлыгы бар Курманжанды эмес, чекеден чертип бешкөкүл кыздарды алууга мүмкүнчүлүгү болсо да Курманжанга баш кошот. Учурунда Алымбектин бул жоругуна каршы тургандар көп болгон. Ага карабай ак нике менен Курманжандын тал чыбыктай ийилген сымбатынан анын акылынын тунуктугун, зиректигин байкап, баалай билгендиктен ошол замандын аялзаттарына карата болгон мамилесин четке кагып, караманча эр азаматтык акыл жасаган. Ал баш кошкон алгачкы күндөн баштап

таган. Турмуштук тажрыйбасы жок, жан дүйнөсү жупуну, жөнөкөй жана таза Курманжан тез эле анын айткан-дегендерине сарсеп салып, ал гана эмес, акыл-ойлордун учугун улап кеткен кудуретке жеткен. Күндүзү үй түйшүгү, бала, турмуштук алакалардын ачуу-таттуусу болсо, түн ичинде күйөөсүнүн акыл-насааттарын уккан. Ошол учурдун катаал турмуштук жосундарына тикелей каршылык көрсөтүп, Курманжандай аялзатты даңазалуу тарыхый аренага алып чыккан Орто Азияда гана эмес, бүткүл чыгыш элдеринин тарыхында жок болчу. Аны биринчи жолу Алымбек датканын эр жүрөк руху, духу, күчтүү каармандыгы алып чыкты. Ошондой эле Алымбек датка өз учурунда прогрессивдүү эл агартуучулук ролду ойногондугу менен дагы бир ирет айгиленет. Коомдук жана жеке турмуштук татаал тагдырлардын дал келип калышы аталган каармандардын тарыхый турмушунан ачык айгиленелет.

## Тагдыры урпактардан кайталанып…

Алымбек датканын чебереси, көрүнүктүү илимпоз, академик Адышев Муса Мурзапаязовичте бул көрүнүштөр жазбай кайталангандыгы нукура бийиктиктин нак далили боло алат. Муса Адышев Алымбек датканын тун уулу Абдылдабектин Мырзапаяз аттуу уулунун баласы Адыштан төрөлгөн. Бул жөнүндө көрүнүктүү журналист-жазуучу Муса Сапаев ("Алай таңы", 1998-ж) мындайча эскерет: "М.Адышев талыкпай эмгектенген, чындыкка тике караган, принципиалдуу, өз оюу, өз пикири туруктуу, ак ниет инсан эле".

Бул адам жөнүндө айтса сөз, жазса кагаз түтпөй тургандай. Чиркин өмүр дейсиң да, кайрадан бул



дүйнөгө кимдер келип, кимдер кетпеген "кептеркана" экендигине ынанасың.

Эчен-эчен ашуу ашып, тоо-таш, суулар менен сырдашып, алардын атамзамандан камтыган сырларына сыркеш жуурулушуп, керегин элге тартуулаган улуу илимпоз Адышев Муса Мурзапаязович 1915-жылы Алай районунун Гүлчө кыштагында төрөлгөн. Бул адамдын турмушунда да адамзатта кездешүүчү ар кандай тарыхый окуялар туш келет. Жаш кезинде ата-энесинен ажырайт. Балалык күндөрү көбүнчө тага журтунда (Кара-Кулжада) өтөт. Мектепти бүтүрүп, 1935- жылы Жалал-Абаддагы педтехникумда окуйт. 1935-38 жылдарда мектептин мугалими, директор болуп иштейт. 1938-жылы Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетине (САГУ) кирген. Улуу Ата Мекендик согуш башталып, окуусу үзгүлткө учурайт. Советтик армиянын катарында кызмат өтөп, окуусун 1947-жылы аяктайт. Кесиби боюнча геолог, САГУнун геология-кыртыш факультетин бүтүргөн. Ошол күндөн баштап, Кыргызстандын аймагындагы геологиялык илимий иштерге башын байлайт. Республиканын геология институтун 22 жыл (1954-1975) башкарат. Ал жылдардын ичинде геология институту Республикада ири илимий мекемеге айланат. Геология илимин өркүндөтүүгө

туу базасын түзүү негиздери иштелип чыгылат. Тянь-Шандагы сейрек учуроочу элементтер-молибден, ванадий жана фосфордун геохимиялык өзгөчөлүктөрү жана жайгашуу закон ченемдүүлүктөрү М.М.Адышевдин жетекчилигинде үйрөнүлөт. Айтылуу академиктин аныктоосунда алтын, калай жана башкалар жаткан райондорду аныктоого, Токтогул ГЭСинин курулушунун инженердик-геологиялык негизделишин тактоодо бир катар илимий-практикалык сунуштар иштелип чыккан.

М.М. Адышев илимдин жана техниканын жетишкендиктерин калайыкка тартуулайт. Ал бир нече эл аралык конгресстердин (Дели-1964, Прага-1968), ассоциациянын (Токио-Киото, 1970) катышуучусу болгон. Ошондой эле Советтер Союзунун геологдорунун улуттук комитетинин жана СССР ИАнын бир нече илимий Советтеринин, Орто Азия бөлүмдөрүнүн мүчөсү болгон. Кыргыз Республикасынын ИАнын геология жана тоо иштери боюнча бириккен Окумуштуулар советинин төрагасы болгон. Ошондой эле Кыргыз ССРинин чет мамлекеттер менен достук жана маданият боюнча байланыш коомунун орун басары жана "СССР-Бангладеш" коомунун Кыргызстандагы бөлүмүнүн жетекчиси эле. Башка дагы бир нече коомдук жана илимий уюмдарга катышкан. Улуу инсан академик М.М.Адышев илимдеги, турмуштагы татаал түйшүктөн кээ-де зээни кейисе, кеменгерлигинен урмат-сый көргөн. Талантты башкара билүү да чоң талант, ал ар кимдин эле колунан келе бербейт. Бул адамдын эмгектери жогору бааланып, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайлануу менен "Октябрь революциясы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери жана бир нече медалдардын ээси болгон.

(Уландысы 13-бетте)

# Алымбек датка жана Муса Адышев

(Башы 12-бетте)

Академик Муса Адышевдин ат көтөргүс аткарган жумуштары жөнүндө айтпай коюу мүмкүн эмес. Анын атын өчүрбөй даңазалоо азыркы акыл-эстүү адамдардын аброюндагы иш. Анын аткарган иштери, адамгерчилик улуу, бийик сапаттары дүйнөдө бир жаралган залкар адамга гана таандык. Таң калтыраар акылы, чар тараптуу билими, жогорку интеллектүү адамды кудурет Кыргызстанга, анын ичинен, Алайга берип койгонуна мен абдан ыраазы болом.

## Жазмыш жалпылыктары

Ал киши Кыргыз Академиясынын Президенти болуп шайланган күндөрүндө (кеч күз, 1978-ж) элдин баары "Академия эми адамын тапты" дешкен. Академик Адышев Муса Мурзапаязовичтей адам менен маектешүү, аңгемелешүү, бирге кызмат өтөө, бирге жашоо өзүнчө бир айтып бүткүс чоң дастан. Айтмакчы, бирге жашап деген соң, бул адамдын жеке турмушуна да анча-мынча назар салалы. Бул залкар адам да, бүткүл адамзат башынан кечирчү турмушту тутунуп, биринчи үйлөнгөн жары менен 8-9 жыл өмүр кечирип, перзенттин айынан ажырашуу арепесине дуушар болот. Ал учурлар кыргыздын дагы бир кыраанын (Жоомарт Бөкөнбаев) "кыйрап", чөжө бирдей үч жаш баласы менен аймончоктой асылзаада Тенти эжекебиздин күйүткө малынган кези менен дал келет.

Бала жытын дегдеп жашаган Муса Мырзапаязович, ата мээринен ажырагандардын азаптуу күндөрүнө дем берип, азаларын тең бөлүшүп, кубат, медер болуп жуурулушуп, эжекебиз Тенти менен баш кошот. Бул көрүнүш көптүн көңүлүндө түрдүү ойлорду жаратат. Айрымдары Муса акенин айкөлдүгүнө ошондо абдан баа берип, таңданышат. Мындай кадамдар эл ичинде чанда кездешчү көрүнүш эмеспи. Аны бир элден чыккан азамат, айкөл, акылмандар гана жасайт. Ошол адам - Муса Адышев болгон.

Ал өзүнүн акылдуу жана зирек саясаты менен каардуу согуш жылдардан кийинки оор экономикалык шартта, балтыр бешик балапандарга кам көрүп, илим-билимдин, маданияттын бийик сересине жеткирет. Тубаса таланттуу Тенти эжекебиз да көңүлү тынып, көкүрөгүндөгү көөлөрү өчүп, эл-жерди даңазалап жазган - атактуу акын - Тенти Адышевага айланат.

Ошентип Академик Муса Мурзапаязович Адышев адамзаттын тагдырындагы кездешүүчү тарыхый кубулуштардын баарын башынан кечирип, миңдеген санжыралуу күндөрү бир күнчөлүк билинбей, жалп өчүп, кайтпас сапарга, Кыргыз Академиясына президент болгонуна 40 күндөй убакыттан кийин чоң атасы Алымбек датканын курагында о дүйнө аттанып кете берген (1-январь 1979-жыл).

Мына мындай эл -журттун келечеги үчүн күйгөн, жан дили менен ак эмгек жасап өчпөс из калтырган сапаттар ириде генетикалык нукуралыктан жаралган сергек акылдын уюткулуу уңгусу экендигинде.

Эми, улуу тоонун ак жүрөк асыл адамдары, залкар Алымбек датка жана академик Адышев Муса Мурзапаязовичтин көзгө көрүнбөс, бирок көөнөрбөс руху, жалпы бүткүл алатоолук кыргыздарды кош колдоп колдой жатсын жана улуу инсандардын үлгүлүү иштерин улантуучулар элибизде көп болуусун тилейм.